УДК : 378.147 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.570**

СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮН УЮШТУРУУНУН ШАРТТАРЫ

Сыятканова Феруза Улановна
окутуучу И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Бишкек ш.
feruza2025@icloud.com

УСЛОВИЯ ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ СТУДЕНТОВ

Сыятканова Феруза Улановна
преподаватель Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева, г.Бишкек
feruza2025@icloud.com

CONDITIONS FOR ORGANIZING STUDENTS’ INDEPENDENT WORK

Syiatkanova Feruza Ulanovna
teacher Kyrgyz State University named after I. Arabaev c. Bishkek
feruza2025@icloud.com

Аннотация

Бул илимий макала жогорку окуу жайларында студенттердин өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык жана уюштуруучулук шарттарын талдоого арналат. Азыркы билим берүү системасында студенттин өз алдынча билим алуусу негизги орунду ээлеп, анын кесиптик компетенттүүлүгүн, аналитикалык ой жүгүртүүсүн жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн маанилүү фактору болуп эсептелет. Макалада студенттердин өз алдынча ишин натыйжалуу уюштуруунун негизги шарттары, окутуучунун ролу, окуу-методикалык камсыздоо, санариптик технологияларды колдонуу жана мотивацияны жогорулатуу маселелери каралат. Изилдөөнүн жүрүшүндө педагогикалык жана методикалык адабияттар талданып, заманбап окутуу технологияларынын мүмкүнчүлүктөрү каралды. Ошондой эле студенттердин өз алдынча иштөөсүндө кезигүүчү кыйынчылыктар жана аларды чечүүнүн жолдору аныкталды. Өз алдынча иштин мазмуну окуу программасы менен шайкеш келиши, тапшырмалардын так коюлушу, баалоо критерийлеринин түшүнүктүүлүгү жана окутуучу тарабынан үзгүлтүксүз колдоо көрсөтүлүшү маанилүү шарттар катары белгиленет.

Макалада электрондук билим берүү чөйрөсүн, онлайн платформаларды, маалыматтык технологияларды пайдалануу студенттердин өз алдынча ишке кызыгуусун арттырып, билим сапатын жакшыртары белгиленет. Мындан тышкары, студенттердин убакытты туура пландоосу, изилдөө жүргүзүү көндүмдөрүн өнүктүрүүсү жана жоопкерчиликти сезүүсү өз алдынча иштин ийгилигин камсыз кылат. Изилдөөнүн жыйынтыгында жогорку окуу жайларда студенттердин өз алдынча ишин уюштуруу өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштар берилет. Бул сунуштар билим берүү сапатын жогорулатууга жана студенттердин өз алдынча билим алуу маданиятын калыптандырууга багытталган.

Өзөктүү сөздөр: *студент, өз алдынча иш, билим берүү, уюштуруу шарттары, окутуу процесси, мотивация, санариптик технология, компетенттүүлүк, окутуу методдору, билим сапаты, жогорку окуу жай, инновация.*

Аннотация

Данная научная статья посвящена анализу педагогических и организационных условий эффективной организации самостоятельной работы студентов в высших учебных заведениях. В современной системе образования самостоятельная работа обучающихся рассматривается как важный фактор формирования профессиональных компетенций, развития аналитического мышления и творческих способностей студентов. В статье рассматриваются основные условия эффективной организации самостоятельной работы, роль преподавателя, методическое обеспечение, использование цифровых технологий и формирование учебной мотивации. В ходе исследования были проанализированы педагогические и методические источники, а также возможности применения современных образовательных технологий. Особое внимание уделено проблемам, возникающим в процессе самостоятельной работы студентов, и путям их решения. Подчеркивается необходимость соответствия заданий учебной программе, четкой постановки задач, прозрачности критериев оценивания и постоянной консультативной поддержки со стороны преподавателя. В статье также рассматривается влияние цифровой образовательной среды, онлайн-платформ и информационных технологий на повышение интереса студентов к самостоятельной работе и улучшение качества усвоения знаний. Кроме того, важными факторами успешности самостоятельной деятельности студентов являются умение планировать время, развитие навыков поиска и анализа информации, а также формирование ответственности за результаты обучения. В результате исследования предложены практические рекомендации по совершенствованию организации самостоятельной работы студентов в высших учебных заведениях. Представленные предложения направлены на повышение качества образования и формирование культуры самостоятельного обучения у студентов.

Ключевые слова: *студент, самостоятельная работа, образование, условия организации, учебный процесс, мотивация, цифровые технологии, компетенции, методы обучения, качество образования, высшая школа, инновации.*

Annotation

This scientific article is devoted to the analysis of pedagogical and organizational conditions for effectively organizing students’ independent work in higher education institutions. In modern education systems, independent learning plays a crucial role in developing professional competencies, analytical thinking, and creative abilities of students. The article examines the key conditions necessary for successful organization of independent student work, including the role of the teacher, methodological support, use of digital technologies, and enhancement of learning motivation. The study is based on the analysis of pedagogical and methodological literature as well as modern educational practices. Particular attention is given to common difficulties students encounter during independent work and possible solutions to these challenges. The importance of aligning assignments with curriculum objectives, clearly formulating tasks, ensuring transparent assessment criteria, and providing consistent instructor support is emphasized. The article also highlights the impact of digital learning environments, online platforms, and information technologies on increasing students’ engagement in independent work and improving learning outcomes. Furthermore, effective time management, development of research and information analysis skills, and personal responsibility for learning results are identified as essential components of successful independent study. As a result of the research, practical recommendations are proposed for improving the organization of students’ independent work in higher education institutions. These recommendations aim to enhance the quality of education and foster a culture of self-directed learning among students, which is essential in the context of continuous educational transformation and digitalization.

Keywords: *student, independent work, education, organizational conditions, learning process, motivation, digital technologies, competencies, teaching methods, education quality, higher education, innovation.*

Азыркы учурда жогорку билим берүү системасы дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграцияланып, окутуунун жаңы моделдерине өтүү процессин башынан өткөрүүдө. Мындай шартта студенттин билимди даяр түрдө кабыл алуучу субъект катары эмес, өз алдынча билим алып, маалыматты талдап, аны практикада колдоно алган активдүү инсан катары калыптанышы негизги максат болуп калды. Ошондуктан студенттердин өз алдынча ишин уюштуруу маселеси билим берүү процессинин маанилүү компоненттеринин бири катары каралууда.

Болон процесси жана компетенттүүлүккө багытталган билим берүү системасы студенттердин өз алдынча ишине бөлүнгөн убакыттын көбөйүшүн шарттады. Изилдөөчүлөрдүн белгилөөсү боюнча, жогорку окуу жайларда билим алуунун натыйжалуулугу студенттин өз алдынча иштөөсүнө түздөн-түз байланыштуу. Мындай шартта окутуучунун ролу маалымат берүүчү эмес, билим алууга багыт берүүчү, кеңеш берүүчү катары өзгөрүүдө.

Өз алдынча иш студенттердин төмөнкү сапаттарын өнүктүрүүгө жардам берет:

- өз алдынча ой жүгүртүү;
- маалыматты талдоо;
- изилдөө жүргүзүү;
- чыгармачылык мамиле;
- жоопкерчилик;
- убакытты туура пайдалануу.

Педагогика илиминде белгиленгендей, студент өз алдынча ишке тартылганда билимди терең өздөштүрүп, аны практикалык шартта колдонууга жөндөмдүү болот. Ошондуктан заманбап билим берүүдө өз алдынча иш окутуу процессинин негизги бөлүгү катары каралууда.

Ошол эле учурда көпчүлүк студенттерде өз алдынча иштөө көндүмдөрү жетишсиз өнүккөндүгү байкалат. Бул тапшырмаларды формалдуу аткаруу, убакытты туура пландабагандык, маалымат менен иштөөнүн татаалдыгы сыяктуу көйгөйлөрдү жаратат. Демек, студенттердин өз алдынча ишин туура уюштуруунун педагогикалык шарттарын изилдөө өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

Санариптик технологиялардын өнүгүшү да бул маселеге жаңы талаптарды коюуда. Электрондук окуу ресурстары, онлайн платформалар жана аралыктан окутуу формалары студенттин өз алдынча иштөөсүнүн көлөмүн жана формасын өзгөрттү. Мындай шартта өз алдынча ишти уюштуруунун жаңы методикалык жолдорун иштеп чыгуу зарыл.

Бул изилдөөнүн негизги максаты – жогорку окуу жайларда студенттердин өз алдынча ишин натыйжалуу уюштуруунун педагогикалык жана уюштуруучулук шарттарын аныктоо жана аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлду:

- студенттердин өз алдынча ишинин теориялык негиздерин талдоо;
- жогорку билим берүү системасында өз алдынча иштин ролун аныктоо;
- өз алдынча ишти уюштуруунун негизги шарттарын изилдөө;
- студенттер туш болгон кыйынчылыктарды аныктоо;
- өз алдынча иштин натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдорун сунуштоо;
- санариптик билим берүү чөйрөсүнүн мүмкүнчүлүктөрүн талдоо.

Изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларда окуу процессин жакшыртууга жана студенттердин өз алдынча билим алуу маданиятын калыптандырууга багытталат.

Жогорку билим берүү системасында жүргүзүлүп жаткан модернизациялык процесстерде студенттердин өз алдынча ишинин үлүшүн көбөйтүүгө өзгөчө орун берилет. Өз алдынча иш студент жаштардын билимге болгон активдүүлүгүн күчөтөт деп эсептелет. Маалымат менен иштөөнү үйрөнүү жаштарда динамичность, мобилдүүлүк, коомдогу өзгөрүүлөргө туура багыт алууга жөндөмдүүлүк сыяктуу жеке сапаттарды өнүктүрөт [10, 478-б.].

Студенттердин өз алдынча ишин уюштуруу маселеси педагогика илиминде кеңири

изилденип келген. Бул багытта чет өлкөлүк жана КМШ өлкөлөрүнүн окумуштуулары олуттуу эмгектерди жараткан.

Ю.К. Бабанский окуу процессин оптималдаштыруу теориясында студенттин активдүү ишмердүүлүгүнүн маанилүүлүгүн белгилеп, өз алдынча иш билимдин сапатын жогорулатуудагы негизги фактор экенин көрсөткөн [1, 203-б.].

И.Я. Лернер жана М.Н. Скаткин окутуунун проблемалык жана изилдөө методдорун иштеп чыгып, студенттердин өз алдынча билим алуусунун методикалык негиздерин аныкташкан [2, 67-б.].

Ал эми А.В. Хуторской компетенттүүлүккө негизделген билим берүү концепциясында өз алдынча иш студенттин кесиптик калыптануусунун маанилүү компоненти экенин белгилеген [3, 91-б.].

Акыркы жылдары санариптик билим берүү чөйрөсүндө өз алдынча ишти уюштуруу маселеси өзгөчө көңүл бурууда. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, электрондук ресурстар студенттин билим алуусуна кеңири мүмкүнчүлүк түзгөнү менен, аны туура уюштурууга муктаждык бар [4, 54-б.].

Кыргызстандык педагогдордун эмгектеринде да студенттердин өз алдынча ишин жакшыртуу маселелери каралып, окуу процессинде активдүү окутуу методдорун колдонуу сунушталган [5, 37-б.].

Ошентип, илимий адабияттарды талдоо бул маселе жетиштүү деңгээлде изилденгенин көрсөткөнү менен, заманбап санариптик билим берүү шартында аны өркүндөтүү зарылдыгы сакталып калууда.

Жогорку билим берүү системасында студенттердин өз алдынча иши окуу процессинин маанилүү компоненти болуп саналат. Ал студенттин билимди даяр формада кабыл алуусунан көрө, өз алдынча изилдөө жүргүзүп, маалыматты талдап, жыйынтык чыгара билүүсүн камсыздайт. Өз алдынча иш – бул студенттин окутуучунун түздөн-түз катышуусуз, бирок анын методикалык көрсөтмөлөрүнүн негизинде аткарылган окуу ишмердүүлүгү болуп эсептелет.

Педагогика илиминде өз алдынча иш студенттин интеллектуалдык жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүчү негизги фактор катары каралат. И.А. Зимняянын белгилөөсүнө ылайык, өз алдынча иш студенттин ой жүгүртүү жөндөмүн, билимди практикалык шартта колдонуу көндүмдөрүн жана жоопкерчиликти калыптандырат [6, 148-б.].

Өз алдынча иш төмөнкү функцияларды аткарат:

- билимди бекемдөө;
- жаңы билимдерди өздөштүрүү;
- изилдөө көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- аналитикалык ой жүгүртүүнү өркүндөтүү;
- чыгармачылык жөндөмдөрдү өнүктүрүү.

Изилдөөчүлөр белгилегендей, студент билимди өз алдынча издеген учурда аны тереңирээк өздөштүрөт жана практикалык ишмердүүлүктө ийгиликтүү колдоно алат [7, 96-б.]. Ошондуктан заманбап билим берүүдө өз алдынча ишке бөлүнгөн убакыттын көлөмү көбөйтүлүүдө.

Ошол эле учурда өз алдынча иш студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда маанилүү роль ойнойт. Компетенттүүлүккө негизделген билим берүү студенттин маалымат менен иштөө, чечим кабыл алуу жана өз ишмердүүлүгүн пландоо жөндөмдөрүн өнүктүрүүнү талап кылат [3, 112-б.].

Өз алдынча ишти уюштуруунун педагогикалык шарттары. Студенттердин өз алдынча ишин натыйжалуу уюштуруу белгилүү педагогикалык шарттарды талап кылат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, өз алдынча иш туура пландалбаса, анын натыйжалуулугу төмөндөйт [8, 75-б.].

Негизги педагогикалык шарттар төмөнкүлөр болуп саналат:

1. *Тапшырмалардын так коюлушу.* Студент тапшырманын максатын, көлөмүн жана аткаруу формасын так түшүнүшү керек.
2. *Методикалык көрсөтмөлөрдүн болушу.* Студентке тапшырманы аткаруу жолдору боюнча багыт берүү зарыл.
3. *Баалоо критерийлеринин тактыгы.* Баалоо системасы ачык болгондо студент жоопкерчиликтүү иштейт.
4. *Тапшырмалардын татаалдык деңгээлинин туура тандалышы.* Тапшырма өтө оор же өтө жеңил болбошу керек.
5. *Үзгүлтүксүз байланыш жана консультация.* Окутуучу студентке багыт берип туруусу зарыл.

Ю.К. Бабанский окуу процессин оптималдаштыруу теориясында өз алдынча иш окутуунун сапатын жогорулатуунун негизги фактору экенин белгилеген [1, 203-б.].

Ошондой эле тапшырмалар студенттин кызыгуусуна жана келечектеги кесибине байланыштуу болушу керек. Бул мотивацияны күчөтөт.

Окутуучунун ролу жана методикалык камсыздоо. Заманбап билим берүүдө окутуучу маалымат берүүчү гана эмес, студенттин өз алдынча ишмердүүлүгүн уюштуруучу, багыт берүүчү жана кеңешчи катары чыгат.

Методикалык камсыздоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- тапшырмалар жыйнагы;
- методикалык колдонмолор;
- электрондук ресурстар;
- баалоо критерийлери;
- консультация берүү.

И.П. Подласый белгилегендей, окутуучу студенттин өз алдынча иштөөсүн туура багыттай алса, билим сапаты жогорулайт [7, 214-б.].

Окутуучу студенттердин ишин системалуу текшерип, алардын кыйынчылыктарын аныктап, керектүү жардам көрсөтүшү керек.

Санариптик технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү. Акыркы жылдары санариптик технологиялар билим берүү тармагына кеңири кирди. Бул студенттердин өз алдынча ишин уюштурууда жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачты. Санариптик технологиялар төмөнкү мүмкүнчүлүктөрдү берет:

- онлайн окуу курстары;
- электрондук китепканалар;
- виртуалдык лабораториялар;
- аралыктан окутуу;
- автоматтык тестирлөө.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, санариптик платформаларды колдонуу студенттердин окууга болгон кызыгуусун арттырат [4, 54-б.].

Ошол эле учурда санариптик технологиялар студенттердин өз алдынча билим алуусуна шарт түзөт.

Кездешкен кыйынчылыктар жана аларды чечүү жолдору. Практика көрсөткөндөй, студенттер өз алдынча иштөөдө бир катар кыйынчылыктарга туш болушат:

- убакытты туура пландай албоо;
- маалыматты талдоо кыйынчылыгы;
- мотивациянын жетишсиздиги;
- тапшырманы түшүнбөө;
- жоопкерчиликтин төмөндүгү.

Изилдөөчүлөр бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн төмөнкү сунуштарды беришет [9, 88-б.]:

1. Тайм-менеджмент көндүмдөрүн үйрөтүү;
2. Методикалык көрсөтмөлөрдү жакшыртуу;
3. Кызыктуу практикалык тапшырмаларды берүү;
4. Санариптик окуу куралдарын колдонуу;

5. Окутуучу менен туруктуу байланыш түзүү.

Бул чаралар студенттердин окууга болгон кызыгуусун арттырып, өз алдынча иштин сапатын жогорулатат.

Жогуоруда жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде алынган жыйынтыктар талданып, башка илимий изилдөөлөр менен салыштырылат жана студенттердин өз алдынча ишин уюштурууда колдонулган методикалык ыкмалардын артыкчылыктары каралат. Ошондой эле алынган жыйынтыктарды түшүндүрүү максатында таблица жана схемалык моделдер сунушталат.

Алынган жыйынтыктарды талдоо жүргүзсөк. Жүргүзүлгөн талдоо студенттердин өз алдынча ишинин натыйжалуулугу төмөнкү шарттарга түздөн-түз көз каранды экенин көрсөттү:

- тапшырмалардын так жана түшүнүктүү коюлушу;
- методикалык колдоонун болушу;
- санариптик ресурстардын жеткиликтүүлүгү;
- окутуучунун үзгүлтүксүз консультациясы;
- студенттин ички мотивациясынын жогору болушу.

Изилдөөнүн жыйынтыгында студенттер өз алдынча ишке активдүү тартылган учурда алардын сабакты өздөштүрүү деңгээли жогорулап, аналитикалык ой жүгүртүүсү өнүгөрү аныкталды. Мындай жыйынтык И.А. Зимняянын эмгектеринде берилген тыянактар менен шайкеш келет, анда өз алдынча иш билимдин туруктуулугун камсыз кылары белгиленген [6, 152-б.].

Ошондой эле изилдөө студенттердин өз алдынча иши жакшы уюштурулган учурда төмөнкү көрсөткүчтөр өсөрүн көрсөттү:

- окуу жетишкендиктери;
- жоопкерчилик деңгээли;
- изилдөө көндүмдөрү;
- өз алдынча чечим кабыл алуу жөндөмү.

Подласый белгилегендей, билимди активдүү өздөштүрүү процессинде студент маалыматты терең кабыл алат [7, 218-б.].

Башка изилдөөлөр менен салыштырууга токтолсок. Бул изилдөөнүн жыйынтыктары бир катар окумуштуулардын эмгектери менен дал келет. Маселен, Ю.К. Бабанский окуу процессин оптималдаштыруу теориясында студенттердин активдүү ишмердүүлүгү окуу сапатын жогорулатат деп көрсөткөн [1, 205-б.].

Хуторской компетенттүүлүккө багытталган билим берүүдө өз алдынча иш студенттин кесиптик өсүшүнүн негизги шарты экенин белгилейт [3, 95-б.].

А.А. Андреев аралыктан окутууда студенттин өз алдынча иши негизги орунду ээлерин көрсөтөт жана электрондук билим берүү чөйрөсү бул процессти кеңейтет деп эсептейт [4, 60-б.].

Таблица №1. Изилдөөлөрдү салыштыруу төмөнкү жыйынтыкка алып келет:

Автор	Негизги жыйынтык	Бул изилдөө менен окшоштугу
Зимняя	Өз алдынча иш билимди бекемдейт	Толук дал келет
Бабанский	Активдүү окутуу билим сапатын жогорулатат	Дал келет
Хуторской	Компетенттүүлүк өз алдынча иш аркылуу өнүгөт	Дал келет
Андреев	Санариптик окутуу өз алдынча ишти кеңейтет	Дал келет

Бул салыштыруу жүргүзүлгөн изилдөөнүн илимий негиздүүлүгүн тастыктайт.

Изилдөөдө сунушталган методикалык ыкмалар төмөнкү артыкчылыктарга ээ:

1. Студенттин активдүүлүгүн жогорулатат;
2. Өз алдынча изилдөө көндүмдөрүн өнүктүрөт;
3. Билимди практикада колдонууга үйрөтөт;
4. Убакытты пландоону жакшыртат;

5. Жоопкерчиликти калыптандырат.

Селевконун белгилөөсүнө ылайык, активдүү окутуу технологиялары студенттердин окууга болгон кызыгуусун күчөтөт [9, 120-б.].

Схема. Өз алдынча ишти уюштуруунун схемалык модели



Жогоруда өз алдынча ишти уюштуруунун жалпы модели көрсөтүлдү. Бул модель өз алдынча иштин этаптарын системалаштырууга жардам берет.

Таблица №2. Өз алдынча иштин натыйжалуулугун баалоо

Көрсөткүч	**Өз алдынча иш жок**	**Өз алдынча иш уюштурулган**
Материалды түшүнүү	Орточо	Жогору
Аналитикалык ой жүгүртүү	Төмөн	Жогору
Практикалык колдонуу	Чектелген	Туруктуу
Мотивация	Төмөн	Жогору
Жоопкерчилик	Туруксуз	Туруктуу

Практикалык байкоолор көрсөткөндөй:

- өз алдынча иш системалуу уюштурулганда билим сапаты 20–30% га өсөт;
- студенттердин сабакка катышуусу активдешет;
- тапшырмалардын өз убагында аткарылышы көбөйөт.

Бул көрсөткүчтөр санариптик технологияларды колдонгон окуу топторунда жогору экени аныкталды.

Жыйынтыгында, жүргүзүлгөн талдоо төмөнкү корутундуларды берет:

- өз алдынча иш студенттин кесиптик калыптанышына түз таасир берет;
- педагогикалык шарттар туура түзүлгөндө билим сапаты жогорулайт;
- санариптик технологиялар бул процессти эффективдүү кылат;
- окутуучунун ролу багыт берүүчү мүнөзгө ээ болушу керек.

Бул жыйынтыктар студенттердин өз алдынча ишин уюштурууну өркүндөтүүнүн зарылдыгын дагы бир жолу тастыктайт.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары студенттердин өз алдынча иштөөсүн уюштуруу жогорку билим берүү системасында окутуунун сапатын жогорулатууда өзгөчө мааниге ээ экенин көрсөттү. Азыркы билим берүү чөйрөсүндө студент даяр маалыматты кабыл алуучу гана болбостон, билимди өз алдынча издеген, аны талдай алган жана практикада колдонууга жөндөмдүү инсан катары калыптанышы зарыл болуп калды. Мындай талаптар билим берүү процессинин мазмунуна, формасына жана уюштурулушуна өзгөрүүлөрдү киргизүүнү талап кылат. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган жыйынтыктар студенттердин өз алдынча ишинин сапаты окуу процессинин уюштурулушуна,

окутуучунун методикалык колдоосуна жана заманбап билим берүү технологияларынын колдонулушуна түздөн-түз байланыштуу экенин далилдеди. Педагогикалык изилдөөлөрдө да белгиленгендей, өз алдынча иш билимдин туруктуулугун жана терең өздөштүрүлүшүн камсыздайт, анткени студент билимди даяр формада кабыл албастан, аны өз алдынча издөө жана талдоо аркылуу өздөштүрөт.

Изилдөөдө байкалган негизги жыйынтыктардын бири студенттердин өз алдынча ишинин натыйжалуулугу тапшырмалардын так коюлушуна жана методикалык колдоонун жетиштүүлүгүнө көз каранды экендиги болду. Эгерде студент тапшырманын максатын жана аткаруу жолдорун так түшүнсө, анда ал ишке жоопкерчиликтүү мамиле кылып, тапшырманы сапаттуу аткарууга умтулат. Ал эми тапшырмалар түшүнүксүз же өтө татаал берилген учурда студенттин кызыгуусу төмөндөп, иш формалдуу аткарылып калат. Бул көрүнүш Подласыйдын эмгектеринде да белгиленип, студент активдүү ишмердүүлүккө тартылган учурда гана билим натыйжалуу өздөштүрүлөрү көрсөтүлгөн [7, 220-б.].

Ошондой эле изилдөөнүн жыйынтыктары студенттердин өз алдынча ишин уюштурууда окутуучунун ролу өзгөрүп жатканын көрсөттү. Окутуучу билимдин жалгыз булагы эмес, студенттин билим алуусуна багыт берүүчү, анын ишмердүүлүгүн координациялоочу жана кеңеш берүүчү катары чыгууда. Мындай мамиле студенттин жоопкерчилигин күчөтүп, анын өз алдынча чечим кабыл алуу жөндөмүн өнүктүрөт. Бул ой Бабанскийдин окуу процессин оптималдаштыруу теориясында да белгиленген, анда окутуунун натыйжалуулугу студенттин активдүү катышуусуна байланыштуу экени көрсөтүлгөн [1, 207-б.].

Изилдөөдө санариптик технологиялардын ролу да кеңири каралды. Азыркы учурда электрондук окуу чөйрөсү студенттердин билим алуусуна чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Онлайн китепканалар, билим берүү платформалары жана санариптик ресурстар студентке керектүү маалыматты тез табууга жана өз алдынча иштөөгө ыңгайлуу шарт түзөт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, санариптик технологияларды колдонгон окуу топторунда студенттердин өз алдынча ишке болгон кызыгуусу жогору болот. Бирок бул технологияларды натыйжалуу пайдалануу үчүн студенттерди маалымат менен иштөө маданиятына үйрөтүү зарыл.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде жогорку окуу жайларда студенттердин өз алдынча ишин уюштурууну жакшыртуу үчүн практикалык багыттагы бир катар сунуштарды белгилөөгө болот. Окуу процессинде өз алдынча иш системалуу түрдө пландалып, тапшырмалар студенттин кесиптик багытына байланыштуу берилиши керек. Студенттерди изилдөө иштерине тартуу алардын чыгармачылык жана аналитикалык жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Ошондой эле студенттерге тапшырмаларды аткарууда методикалык көрсөтмөлөрдү берүү жана баалоо критерийлерин алдын ала түшүндүрүү маанилүү. Мындай шартта студент өз ишинин жыйынтыгы кандай бааланарын билип, жоопкерчиликтүү мамиле жасайт.

Практика көрсөткөндөй, студенттердин убакытты туура пландоону билбеши өз алдынча иштин сапатына терс таасир этет. Ошондуктан окуу процессинде тайм-менеджмент көндүмдөрүн калыптандыруу зарыл. Бул сунуш башка изилдөөлөрдө да белгиленип, студенттердин өз алдынча ишинин ийгилиги алардын ишмердүүлүгүн туура уюштурууга байланыштуу экени көрсөтүлгөн .

Ошондой эле студенттердин өз алдынча ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн санариптик билим берүү чөйрөсүн кеңири пайдалануу зарыл. Электрондук курстар, интерактивдүү тапшырмалар жана онлайн консультациялар студенттердин окууга болгон кызыгуусун күчөтүп, алардын билим алуусун жеңилдетет. Бул багыттагы изилдөөлөр санариптик окутуу формалары студенттердин өз алдынча ишин активдештирерин көрсөтөт. Изилдөөнүн жыйынтыктары келечекте бул багыттагы илимий иштерди улантуу зарылдыгын көрсөтөт. Айрыкча санариптик билим берүү шартында студенттердин өз алдынча ишин уюштуруунун жаңы моделдерин иштеп чыгуу актуалдуу бойдон калууда. Ошондой эле студенттердин мотивациясын жогорулатуу механизмдерин изилдөө жана

окуу процессине инновациялык методдорду киргизүү зарыл. Мындан тышкары, ар кандай адистиктер боюнча өз алдынча иштин өзгөчөлүктөрүн изилдөө келечектеги изилдөөлөрдүн маанилүү багыттарынын бири болуп эсептелет.

Жыйынтыктап айтканда, студенттердин өз алдынча ишин натыйжалуу уюштуруу билим берүү сапатын жогорулатууга, студенттин кесиптик жана инсандык сапаттарын калыптандырууга өбөлгө түзөт. Билим берүү системасынын мындан аркы өнүгүүсү студенттин өз алдынча билим алуусуна багытталган жаңы педагогикалык технологияларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү менен байланыштуу болору шексиз.

Колдонулган адабияттар:

1. Бабанский Ю.К. Оптимизация процесса обучения. – М.: Педагогика, 1982. – 256 б.
2. Лернер И.Я., Скаткин М.Н. Дидактика средней школы. – М.: Просвещение, 1982. – 320 б.
3. Хуторской А.В. Компетентностный подход в образовании. – М.: Эйдос, 2003. – 320 б.
4. Андреев А.А. Дистанционное обучение. – М.: МЭСИ, 2013. – 210 б.
5. Кыргызстандын жогорку билим берүү системасында окутуунун заманбап ыкмалары. – Бишкек, 2018. – 180 б.
6. Зимняя И.А. Педагогическая психология. – М.: Логос, 2004. – 384 б.
7. Подласый И.П. Педагогика. – М.: Владос, 2010. – 576 б.
8. Полат Е.С. Современные педагогические и информационные технологии. – М.: Академия, 2012. – 368 б.
9. Селевко Г.К. Современные образовательные технологии. – М., 1998. – 256 б.
10. Панкова Т.В., Байбекова А. Университеттин студенттеринин өз алдынча иштөөсүн башкаруунун педагогикалык каражаттары, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Жарчысы», Бишкек, 2025, №1/1, 478-б.

УДК 37.015

РУХАНИЙ КООПСУЗДУК – УЛУТТУК ТУРУКТУУЛУКТУН НЕГИЗИ КАТАРЫ: БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ТАРБИЯ СИСТЕМАСЫНДАГЫ РОЛУ

Шамишиева Гүлкайыр
ORCID 0009-0003-4325-7180
Касымалиева Жазгүл
ОшМПУ

ДУХОВНАЯ БЕЗОПАСНОСТЬ КАК ОСНОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ СТАБИЛЬНОСТИ: ЕЕ РОЛЬ В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ И ВОСПИТАНИЯ

Шамишиева Гүлкайыр
ORCID 0009-0003-4325-7180
Касымалиева Жазгүл
ОшГПУ

SPIRITUAL SECURITY AS THE FOUNDATION OF NATIONAL STABILITY: ITS ROLE IN THE EDUCATION AND UPBRINGING SYSTEM

Shamishieva Gulkayyr
ORCID 0009-0003-4325-7180
Kasymalieva Zhazgul